КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

БОЗ-УЧУК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БОЗ-УЧУКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Боз-Учук айылдык Кенешинин 28 чакырылышынын кезектеги 2- сессиясы

# ТОКТОМ

**2023-жыл** 17.03 **№** 14 **Ново-Вознесеновка а.**

**Малдын тарифин бекитүү жөнүндө**

Боз-Учук айыл аймагындагы айылдарда (Ново-Вознесеновка,Ичке-Жергез, Боз-Учук) болуп өткөн элдик жыйындардын «малды жайытка чыгаруу жана малга коюлган тарифтерди бекитүү» жөнүндөгү чечимдерин карап жана талкуулап Боз-Учук айыл Кенеши **токтом кылат:**

1.Боз-Учук айыл аймагында 2023-жылга малчыларга малды багуу тарифтери төмөндөгүдөй белгиленсин :

1.Ичке-Жергез айылы үчүн -Бодо мал (субай,торпок,букачар) - 500 сом тузу ичинде, жайыт акысы 100 сом
2. Боз-Учук айылы үчүн - Бодо мал (субай,торпок,букачар)- 500 сом тузу ичинде, жайыт акысы 100 сом
3. Ново-Вознесеновка айылы үчүн - Бодо мал (субай,торпок,букачар)- 500 сом тузу ичинде, жайыт акысы 100 сом
4. Ичке-Жергез айылы үчүн -Жылкы -500 сом тузу ичинде , жайыт акысы 100 сом.
5. Боз-Учук жана Ново-Вознесеновка айылы үчүн – жылкы – 500 сом тузу ичинде, жайыт акысы 100 сом
6. Ичке-Жергез айылы үчүн -Кой -100 сом тузу ичинде, жайыт акысы 20 сом
7. Боз-Учук жана Ново-Вознесеновка айылы үчүн - Кой -100 сом тузу ичинде
8 .Бардык айылдар үчүн -эчки -_100_ сом тузу ичинде, жайыт акысы 20 сом
9.Бада Ново-Вознесеновка айылы үчүн бадачы менен келишим түрдө, Боз-Учук, Ичке-Жергез айылдары үчүн 300 сом, жайыт акысы 100 сом

2.Малдын тузун көзөмөлдөө жайыттар комитетине, ветеринария кызматкерлерине милдеттендирилсин

3. Жайыт акысы ар бир баш малга төмөндөгүдөй белгиленсин :
1. Кой башына -20 сом,
2. Бодо малга жана жылкыга (уй, торпок) – 100 сом,
3. Жайыт акысы ар бир малчыдан алынсын.

4. Мал ээлери менен мал багуучулардын ортосундагы түзүлүүчү келишимдин долбоору бекитилсин. (долбоору тиркелет).

5. Боз-Учук айыл аймагынын малдын ээси , жайыттар комитети жана малчынын ортосундагы үч тараптуу келишимдерди түзүү жана көзөмөлдөө жагы айыл башчыларына (Бекенов Элдияр, Абдыкасымов Айбек.) жайыт комитетине (Токонов М.), айылдар боюнча түзүлгөн талаш-тартыш комиссиясына тапшырылсын.

6. 2023-жылдын 15-апрелинен тартып 15- октябрга чейин элдердин үлүш жерлерине малдар кайтарылбасын. Үлүш жерлерине малдар кирсе административдик чара колдонулсун.
7. Боз-Учук айыл аймагындагы Боз-Учук капчыгайынын башындагы чон жайлоого 2023-жылы мораторий киргизилсин. Жакынкы жайлоолорго саан уй жана саан бээден башка малдар калтырылбасын . Боз-Учук айыл аймагындагы элдердин малынан башка аймактардын малдары алынбасын.
8. Аймактагы элдердин саан уйлары жана саан бээлеринен башка малдын баардык түрлөрү алыскы Сырт өрөөнүнө көчүрүү жагы жайыттар комитетине милдеттендирилсин.
9.Ушул токтом ММКларга жарыялоо үчүн жиберилсин.
10.Токтом ММКга басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
11.Токтомду аткарууга алуу жана аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Орозбаков А. жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Термечиков**